БЕКИТЕМИН
№8 жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
_________ Н.Н.Алчынбаева
"_1_" _сентябрь_ 2022-ж.

**№ 8 жалпы билим берүү орто мектебинде өтүлүүчү ийримдердин жобосу**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо мектептин негизги планынан сырткары жүргүзүлгөн ийрим иштерин эффективдүү уюштурууга карата "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдын жана мектептин уставынын негизинде иштелип чыккан. Ийримдердин иши кошумча билим берүүнүн негизги формасы катары иштейт жана мектепте тарбия иштеринин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.2. Кошумча билим берүүнү уюштуруу жөнүндөгүжобо: предметтик, көркөм эстетикалык, спорттук ийримдеринин иштеринин багыттары мектептин педагогикалык кеңеши менен макулдашылат жана мектеп директору тарабынан бекитилет.

1.3. Предметтик, көркөм эстетикалык, спорттук, кол өнөрчүлүк ийримдеринин жетекчилеринин ишин башкаруу окуу жылы үчүн аныкталган функционалдык милдеттеринде көрсөтүлгөн тиешелүү директордун орун басары тарабынан жүзөгө ашырылат.

1.4. Ийримдерди каржылоо булактары: окуучулар үчүн бекер, мамлекеттин бюджет тарабынан төлөнөт.

1.5. Ийримдердин программасы төмөндөгү түрлөргө бөлүнөт:

- Билим берүү министирлиги тарабынан сунушталган типтүү мүнөздө;
- Мектепке ылайык келгендей өзгөрүлгөн типтүү мүнөздө;
- Жеке автордук болушу мүмкүн.

1.6. Ийримдердин графиги мугалимдердин жана мектептин негизги жүгүртмөлөрү жана жүктөмүнө ылайык, бири бирине жолтоо болбогондой кылып түзүлөт. (Мисалы: сабактан кийин)

**2. Ийримдердин ишинин максаттары:**

2.1. Ийримдердин ишмердүүлүгү - окуучулар үчүн жашоонун өзгөчө чөйрөсү. Балдардын жеке кызыкчылыктарына жана калоолоруна көңүл буруу жана аны уюштуруунун маанилүү принциптери;

2.2. Ийримдердин ишмердүүлүгүн туура уюштуруу менен ар бир баланын өзүн көрсөтүүгө, тастыктоосуна жана ийгилик сезимин өз башынан өткөрүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

2.3. Окуучуда сергек жашоо образын калыптандыруу.

**3. Ийримдердин иштерин уюштуруу.**

3.1. Мектепте ийримдерди уюштуруунун негизи - бул окуучулардын өз калоолору менен мугалимдердин мүмкүнчүлүктөрү жана мектептин материалдык-техниалык базасынын абалы саналат.

3.2. Ийримдер окуучулардын негизги кызыкчылыктарынын төмөнкү багыттарына ылайык уюштурат.

- Предметтик
- Көркөм
- Чыгармачыл
- Спорттук

**4. Ийримдердин ишинин материалдык камсызданылышы.**

4.1. Мектепте ачылган ийримдердин толук кандуу ишмердүүлүгүн материалдык жактан камсыздоо мектептин администрациясына жүктөлгөн.

4.2. Ийримдердин жетекчилери жана окуучулары ийримдин ишмердүүлүк максаттарына ылайык ишин ийгиликтер менен камсыз кылуу үчүн ар кандай демөөрчүлөрдөн, ошондой эле ата-энелерден акча каражаттарын тарта алышат.

4.3. Ийримдер мектеп администрация тарабынан мазмуну, идеялык жана моралдык багыты боюнча иштин режими, көлөмү, ийримдин жетекчилери менен камсыздалышы көзөмөлдөнөт жана аныкталат.

**5. Ийримдердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө.**

5.1. Ийримдердин ишмердүүлүгү - мектептин окуучуларына берилүүчү кошумча билимдин негизги багыттарынын бири.

5.2. Ийримдердин ишине көзөмөлдүү функционалдык милдеттеринде көрсөтүлгөн тиешелүү директордун орун басары ишке ашырат.

5.3. Ар бир чейректин аягында, жарым жылдыкта жана жыл аягында ийримдин жетекчилери программанын аткарылышы жөнүндө алдын ала даярдалган үлгүгө ылайык отчет беришет.

**6. Эмгекти коргоо боюнча эрежелердин аткарылышы.**

6.1. Кокустук кырсык учурунда жабырлануучуга биринчи жардам көрсөтүү боюнча чараларды көрөт, кырсык тууралуу жетекчилерге дароо кабарлайт.

**7. Документация жана отчеттуулук.**

7.1. Ийрим жетекчилери төмөнкү документтерди даярдоо зарыл:

- ✓ Мектеп администрациясы тарабынан макулдашылып бекитилген жумушчу программасы.
- ✓ Ийрим журналында окуучулардын катышуусун жоктоо.
- ✓ Методикалык иштелмелери камтылган папкалары, кошумча материалдары.

**8. Корутунду**

Бул жобо кошумча билим берүүнүн тигил же бул формасын жакшыртуу максатында мектеп администрациясынын, мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелеринин демилгеси боюнча зарылдыгына жараша толукталышы жана өзгөртүлүшү мүмкүн.

## Ийримдердин ишмердүүлүгү

Ийримдер ишмердүүлүгү - окуучулар үчүн жашоонун өзгөчө чөйрөсү. Максималдуу көп түрдүүлүк, формалдуу эмес, балдардын жеке кызыкчылыктарына жана каалоолоруна көңүл буруу - аны уюштуруунун маанилүү принциптери. Дал ошол ийримдин ишмердүүлүгүн туура уюштуруу менен, ар бир баланын өзүн көрсөтүүгө жана тастыктоосуна, ийгилик сезимин өз башынан өткөрүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Ийримдердин программасын түзүү боюнча сунуштар.

1. Программаны иштеп чыгуу процесси төмөндөгү белгилүү этаптарды камтышы керек:

1. Программаны иштеп чыгуунун актуалдуулугу жөнүндө маселе чечилиши керек болгон **издөө этабы**:

- Программанын мааниси эмнеде?
- Жаңылык жана оригиналдуулук эмнеде?
- Программаны ишке ашыруунун натыйжасы кандай болот?
- Мектепте мындай программанын зарылдыгы барбы?

2. Программанын долбоорун түзүү этапы:

• Максаттарды жана милдеттерди аныктоого көңүл буруңуз.

• Сабактардын мазмуну.

• Иштин жыйынтыктары жөнүндө отчеттун формасы.

2. Программанын структурасы

• Киришүү (тандалган ийримдин негиздемеси).

• Түшүндүрмөсү.

• Тематикалык (окуу планы) планы.

• Программанын негизги мазмуну.

• Окутуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү.

• Программаны ишке ашыруу үчүн шарттар.

• Болжолдонгон жыйынтыктар.

• Программанын кошумча элементтери (кошумча адабияттар, тиркемелер ж.б.).

Түшүндүрмөсүндө ийримге мүнөздүү киришүү сыпаттамасын берүү жана төмөнкүлөрдү камтуу зарыл:

1. Ийримдин иши жөнүндө кыскача маалымат;

2. Окутуу куралдары (эгер колдонулса);

3. Класстардын болжолдуу структурасы;

4. Окутуунун режими.

Программанын максаты:

• Кесиптик багыт берүүнү калыптандыруу;

• Чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү;

• Көркөм табитти тарбиялоо.

Программанын милдеттери:

• Мотивациялык;

• Билим берүүчү;

• Когнитивдүү;

• Өнүгүү;

• Эстетикалык.

Тематикалык планда:

Ийримдин программасы өзүнө теориялык бөлүктү жана практикалык иштерди камтыйт:

• Теориялык бөлүгү (маектешүү, лекциялар, семинарлар)

• Практикуму (өз алдынча иштер).

Окутуунун формалары: чакан топтук жана жекече.

**Сабактардын ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү:**

Сабактардын негизги формасы - окуучулардын туруктуу курамы менен график боюнча өткөрүлгөн сабак.

Сабактын узактыгы: 30 мүнөт.

**Программаларды ишке ашыруу шарттары:**

**Материалдык каражаттар:**

Жумушчу программасынын аткарылышын камсыз кылуучу окуу-методикалык комплекстин компоненттеринин тизмеси (негизги окуу китептери, жетекчилер жана окуучулар үчүн кошумча адабияттар, интернет булактарынын тизмеси жана башка электрондук маалымат булактары, окуу тизмеги жана башка компьютердик программалар окуу процесси).

Педагогикалык кадрлары:

Кошумча билим берүүчү мугалимдер, жетекчилер.

Окутуунун принциптери:

1. Сабакта ыңгайлуу атмосфера түзүү.

2. Окууда жана окуу процессинде окуучуларга инсанга багытталган мамиле жасоо.

3. Алдыга коюлган максаттарга окутуунун каражаттарынын, формаларынын жана методдорунун шайкештиги.

4. Ар бир окуучуну маданий баалуулуктар менен тааныштыруу.

5. Окуучуларды активдүүлүккө тартуу.

6. Өзүн-өзү көрсөтүү жана өзүн-өзү тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү, ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн ачуу.

7. Жеткиликтүү материалдык -техникалык базаны түзүү.

8. Маанилүү-мазмундуу эс алууну уюштуруу.

9. Окуучулар менен мугалимдердин бош убактысын туура уюштуруу.

**Болжолдуу жыйынтыктар:**

Окуучулар курстун аягында тиешелүү максаттар жана милдеттерде коюлган натыйжаларга жетишүү. Тиешелүү билимге ээ болуу, компетенцияларды өздөрүндө калыптоо.